26

1317

Молдо Кылыч

„Зар заман"
Кылычтын бүткүл дэфтерин
жазып кеткен.

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 86.
21 сатр. 15/IV-81
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

## Молдо Кылычтын кыскача тарыхы.

Түндүк кыргызында Тагай насилинен Дөөлөстүн кенже уулу кадымин манап тукумунан Темирдин балдары, Абайылданын баласынын баласы, атактуу Төрөкелдинин бир аталаш тууганы Шамыркандын 1875-жылында /донуз жылы/ Кочкордо туулуп атын Кылыч койгон. Кичине чагында кыргызча окуп, 1892-1893-жылдар чамасында ыр-өлөң жазышка абдан ынты-зынтын коюп, ашта-тойдо ырдаштан токтолуп намыстанган, абалы ырды жазып, анан соң элге окуп берген. Комузуа салып айтууну Абайылда адат кылып, кийин комуз, домбура менен айтуудан акындыкка токтолду, келтирет экен деп, домбурасыз айтууга адеттенген. Манап насилинен болсо да, эл бийлеп, калк ишине катышууга көңүл бербеген. Өтө жарды болуп, азын-оолак дыйканчылык менен оокаттанган. Эртели, кеч суу байлап басып, таза жерге олтуруп, ар түрдүү өсүмдүк байкап көрүп, айланасындагы табийгаттан тажрыйба алып, курт-кумурска, канаттуулардын алдуу, алсыздарын текшерип, анан өлөң кылып жазган. 1917-жылында, 42 жашында каза болгон, кабыры туулган жери Кочкордо.

Бети кызылдуу сепкили жок, жүзү абыдан толук, тегерек чоң кара көздүү, орто бойлуу семизче, чонурак кара мурут, ээгинде кичине чокчо кара сакалы болуп, жаактарына сакал чыкпаган. Кийимди өтө таза кийинип, денин таза тутуп, диндар болгон. Өмүрүндө көп кысалар жазып, алардын бир канчасы элге жайылган. Ар жазган кысасын арттырбастан, кемитпестен, жана да бай, манап улукка кошомат кылбастан, алардан жана да айтууга дүнүйө талап

кылбастан тууралык менен жазган.

Мен 1913-жылы апрель айында Ат-башы, Нарындан келе жатып Карагоодо Кылычка жолугуп, 4-5 күн бирге жүрүп калдым. Мурун 1911-жылында Коңур-жайлоодо көрүп тааныштым эле, бул сапарда алып жүргөн кысаларынан төмөндөгүлөрдү көчүрүп алдым, шашканымдан, карындаш менен Describing Кеминде үйгө барганда көчүрүп алдым.

Кылычтын айтканындай эң биринчи тырмак алды жазганым:

| | |
|---|---|
| 1. Арман кыз.-кыз, жигит-деди. | 190 жол |
| 2. Зар заман " " " | 1950 " |
| 3. Канаттуу " " " | 480 " |
| 4. Бүркүттүн тою /манаптын элди кыйнап, чыгым алып той бергени/ | 260 " |
| 5. Чүй өзөнү /Чүйгө жолоочулап келип жазганы/ | 650 |
| 6. Жинди суу /1911-жылында Кеминге жолоочулап келип жазган/ | 300 " |
| 7. Алдамчы /Токмокко келип жазган/ | 240 " |
| 8. Зилзала 1911-жылы | 480 " |
| 9. Санат | Табылбады |
| 10. Кочкор ата | Табылбады |

11. Керме-тоо-Ала-тоо /1912 -жылында Жумгалда кудасына барып келип жазган - - - - 700 жол.

12. 1916-жыл 350 "

13. Манап, букара деп бир кыса жазган- табылбады.

14. Кийин 1916 - жылдагы кыргыз көтөрүлүшүн жазып, аягына чыга электе каза тапкан.

Мен Белекке Кылычтын айтканы:

Мен китептерден окудум, казак, кыргыздын акындарынын айтканын дагы көп уктум, бирок булардын барысынан артыгын казактан экен Сүйүмбай, кыргыздан Арстанбек деди.

Белектин байкоо:

Кыргыздын башка акындардан артыкчылыгынын бири эч убакта ырды чорно байлап жазбаган, ойлобостон анчалык такалбастан бир жазып кеткенин кайта текшерип ондобостон майданга салган. Ырдын уйкаштыгына өтө назар салбастан, сөздүн тереңин алып жазган. Маселен, Зилзаланы 1910-жылында биздин эл /Кеминге/ келип жазганда көчүрүп алдым эле, кийин басмадан чыкканда, эч бир өзгөртүлбөгөн.

## ЗАРЗАМАҮН

Молдо Кылыч мен атым,
Болжолу жок санатым.
Айта берсем сабаган,
Ак шуңкардай канатым.
Окуп көргөн молдолор,
Өчүрө көр калатын.
Жакшы окуп караскң,
Оюндагы сөзүндүн
Барын мындан табасың,
Мен айтайын сонунду,
Чыгар сөзүм орундуу.
Жигит болсоң абайла,
Убал кылба жаныңа.
Тазалагын жолунду,
Тарта жүргүн колунду!
Жаман адам курусун,
Доо чыгарып бир жерден,
Милдет кылат жумушун.
Жакшыларды карасаң,
Кылганынын доосу жок,
Сыр билгизбейт тымызын.
Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак, Кыргыз барчаны.
Калайыкка эринбей,
Кетти канча далай сөз,
Кара көзгө көрүнбөй.